DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Азимбаев Б.*

# ЭКИ ЭЛДИН ДОСТУГУН БЕКЕМДЕГЕН ТАРЫХ МУЗЕЙИ

*Азимбаев Б.*

# ИСТОРИЧЕСКИЙ МУЗЕЙ, УКРЕПЛЯЮЩИЙ ДРУЖБУ ДВУХ НАРОДОВ

*B. Azimbaev*

# A HISTORICAL MUSEUM THAT STRENGTHENS FRIENDSHIP TWO PEOPLES

*УДК: 947.1. (575.2) 43.3.*

*Тарыхый табылгаларда, санжыраларды жыйнап аларды окутуу үчүн мектеп музейлерин уюштуруу, анда эки элдин тагыраак айтканда кыргыз жана өзбек элинин келип чыгышы, калыптанышы, алардын басып өткөн жолдору, белгилүү инсандар жөнүндө маалымат топтоо, археологиялык этнографиялык баалуулуктарды ирети менен коюп, тартипке келтирүү чыгармачылык мамилени талап кылат. Ушул жагынан алганда Баткен облусунун Кадамжай районундагы №1 алгачкы мектептердин бири Токтогул орто мектебиндеги Кыргызстанга гана эмес, башка республикаларга белгилүү тарых жана аймак-таануу музейинин уюштуруучусу, эл агартуунун мыктысы А.Тажибаевдин чыгармачыл эмгеги баарына өрнөк болоорлук. Музейдин фондусу көп жана ар түрдүү. Негизги фонд 2575 экспонат, көмөкчү фонд 404 экспонат топтолгон. Анын ичинен баалуу экспонат 160. Жалпы экспонат 2605 ти түзөт. Элдик музей деген наамды алган.*

***Негизги сөздөр:*** *этнография, этнология, археология, нумизматика, музей таануу, табият, экология, айылдын тарыхы.*

*Создание школьных музеев для сбора и изучения исторических находок и генеалогий требует творческого подхода к сбору информации о происхождении и становлении двух народов, а именно о кыргызском и узбекском народах, их путях, известных личностях, археологических и этнографических ценностях. В связи с этим, одна из первых школ в Кадамжайском районе Баткенской области, Токтогульская средняя школа была основана основателем известного не только в Кыргызстане, но и в других республиках историко-краеведческого музея, лучшим педагогом. Творчество Таджибаева - пример для всех. Фонд музея обширен и разнообразен: основной фонд составляет 2575 экспонатов, вспомогательный фонд - 404 экспоната. Из них ценных экспонатов 160. Общее количество экспонатов - 2605. Он был назван Народным музеем.*

***Ключевые слова:*** *этнография, этнология, археология, нумизматика, музееведение, природа, экология, история села.*

*The article deals with the creation of school museums for the collection and study of historical finds, genealogies, the origin and formation of the two peoples, namely the Kyrgyz and Uzbek peoples, their history, the collection of information about famous people, arranging archeological and ethnographic values. will do. In this regard, one of the first мектеп 1 schools in Kadamjai district of Batken oblast, Toktogul secondary school was founded by the founder of the Museum of History and Regional Studies, known not only in Kyrgyzstan but also in other republics, the best educator. Tajibayev's creative work is an example for everyone. The fund of the museum is large and diverse. The main fund consists of 2575 exhibits, the auxiliary fund - 404 exhibits. Of these, 160 valuable exhibits. The total number of exhibits is 2605. It is called the People's Museum.*

***Key words:*** *ethnography, ethnology, archeology, numismatics, museology, nature, ecology, village history.*

Эл, жердин тарыхы өткөндөн кабар берүүчү негизги булак болуп саналат. Аны билип жүрүү, өзүнөн кийинкилерге айтып, кулак какты кылып жүрүү, ар бир атуулдун ыйык милдеттеринин бири болуп саналат.

Кыргыз элинин жана өзбек элинин келип чыгышы, калыптанышы, тарыхы маданияты, санжырасы, этнографиясы, педагогикасы, философиясы, тарыхы жөнүндө Баткен облусунун Кадамжай районундагы 100 жылдык тарыхы бар райондогу эң алгачкы №1 Токтогул орто мектебинде Республикада гана эмес, башка республикаларга белгилүү тарых жана аймак таануу музейиндеги алгылыктуу мыкты иштери мактоого татырлык. Тарых жана аймак тануу музейи окуу-тарбия ишинде оң таасир берип мектеп окуучуларын Ата-мекенди, элин, жерин сүйүүгө тарбиялоого, мыкты багыт берген булак катары белгилесек болот.

Тарых жана аймак таануу музейинин уюштуруучусу физика жана эмгек мугалими, Эл агартуунун мыктысы Асланбек Тажибаев чыгармачыл эмгеги башкаларга өрнөк болуп келүүдө. Музей 1980-жылдан түзүлө баштаган. 1991-жылы Кыргыз Республикасынын жаш туристтер станциясынын борбору тарабынан музейге паспорт берилген. Эң мыкты музей деген күбөлүк тапшырылган. 1992-жылы Кыргыз Республикасынын маданият министрлиги тарабынын «Элдик музей» деген наамды алган.

Музей 7 бөлүмдөн, 18 бөлүмчөлөрдөн турат;

- Күжүрмөн даңк;
- Этнография;
- Археология;
- Музей таануу;
- Нумизматика;
- Табият жана экология;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



- Мектептин жана айылдын тарыхы;
- Манас таануу;
- Белгилүү тарыхый инсандары;
- Афган согушунун катышуучулары;
- Баткен окуясына катышкан жоокерлер жана башка тарыхый маалыматтар топтолгон.

Мектепке киргенде эле оң жакта Улуу Ата Мекендик согушка катышкан Халмион айыл өкмөтүнүн жалпы ардагерлери көзгө урунат. Сүрөттөр аскердик кийимдер жана буюмдар, согуш мезгилиндеги каттар, медаль, ордендер, И.В. Сталиндин Ыраазычылык каттары сакталып турат. Жыл сайын 9-май, 23-февраль күндөрү аскердик багытта иш-чаралар өткөрүлөт. Иш-чарага мектеп жамааты, жогорку класстын окуучулары, ата-энелер, коомчулук катышат. Мектеп окуучулары патриоттуулукка тарбиялоодо музейдин таасири абдан чоң.

1980-жылы Советтер Союзунун Баатыры генерал Калыйнур Үсенбеков атайын келип, музей менен таанышкан. Согуштун ветерандарынын атынан мугалимдер жамаатына ыраазы болгон. Келечекте музей мектеп окуучуларын, жаштарды тарбиялоодо патриотизмге, интернационалдык тарбиянын борбору болуп калат деп жазып калтырган. Чынында эле тарых музейи эки элдин ынтымагын, достугун, чыңдаган борборго айланды. Музейдин элдик музей болуп калыптанышына тажрыйбалуу мугалимдер Р. Мусаев, А.Таштемиров, Ж.Юлдашев ж.б. салымы бар. Музейдин негизги фондуна 2575 экспонат, көмөкчү фондуна 404 экспонат жыйналган. Музейдин жалпы экспонаты 2605 ти түзөт. Коңшулаш Республикалар Өзбекстан, Тажикстан тарыхый жайларына музейдин мүчөлөрү бир нече жолу окуучулардын экспедицияларын уюштурушкан.

Музейде кыргыз жана өзбек элинин тарыхынын баа жеткис далилдери илимий негизде квалификацияланып жайгаштырылган. Экспонаттар кыргыз жана өзбек элинин тарыхын тээ таш доорунан, бүгүнкү демократиялык түзүлүшкө чейин чагылдырат. Этнография бөлүмүндө эң көрктүүсү XIX кылымдын аягында XX башындагы кырыз жана өзбек аялдарынын улуттук кийимдери сакталып турат. Музей республикалык конкурстарга катышып, Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана маданият министрлигинин, тарыхый маданий эстеликтерди коргоо коомунун жаш туристтер борборунун бир нече Ардак грамоталары менен сыйланып, баалуу белектерди алууга татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын билим берүү ллим жана маданият министрлигинин мурдакы орун басары Жантакова музей менен таанышып «музей мектеп окуучуларын патриоттуулукка, жаш муундун аң-сезимине тарыхый эс тутумду мекенге болгон сүйүүнү жана Ата мекенге кызмат кылуу идеяларын калыптандырууда келечекте тарбия борбору болуп калат» – деп ыраазычылык билдирип жазган. Өзбек Республикасынын эл акыны Турсунай Садикова мектеп музейи окуучуларга тарбия берүүдө мыкты таасир берээрин, эки элдин достугун бекемдей турган борбор экендигин таамай белгилеп, мыкты жамаатына ийгиликтерди каалап жазып калтырган. 1996-жылы Токтогул орто мектебинин базасында элдердин достугун, ынтымагын чыңдоо максатында Ош, Жалал-Абад, Фергана облустарынын мектеп музейлеринин семинары өтө жакшы маанайда, жогорку деңгээлде, өткөрүлүп, семинардын жыйынтыгында Токтогул орто мектебинин музейи «мыкты музей» – деп табылып, музейдин иш тажрыйбасы жайылтылган. Музейдин иши, тажрыйбасы жөнүндө массалык маалымат каражаттарында КРТК, ЭЛТР, Ош ТВ, Баткен ТВ телекөрсөтүүлөрдөн көрсөтүлүп, республикалык радио берүү аркылуу бир нече атайын уюштурулган берүүөр жакшы баяндамаларды беришкен. Музей жөнүндөгү илимий макалалар мезгилдүү басма сөздөргө жарыяланып «Кыргыз туусу», «Кут билим», «Баткен таңы» гезиттерине «Эл агартуу» жана республикалык илимий-теориялык журналдарга басылган.

2016-жылы тарых жана маданият жылында Токтогул орто мектебинин 90 жылдык маарекеси белгиленди. Мектептин 90 жылдык басып өткөн тарыхы жана мектептин музейи жөнүндө «тарых музейи-тарбия борбору» аттуу монография басылып, катышуучуларга Өзбекстандан келген тууганларга ж.б. меймандарга таратылды. «Тарых музейи-тарбия борбору» деген эмгекте ушул мектепти бүткөн, мыкты инсандардын кыргызстандын экономикасына, маданиятынын гүлдөшүнө, өсүшүнө, колхоздун мал чарбасынын өнүгүшүнө, согуш жылдарында каатчылык мезгилдерде кабагым-кашым дебей көкүрөгүн шыр тосуп бараандуу салым кошкон эр азаматтар жөнүндө кеңири маалыматтар орун алган. Музейдин жүргүзүп жаткан иштери менен бир топ жогорку окуу жайлардын өкүлдөрү Москвадагы Ленин атындагы педагогикалык институту, Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети, Ош Мамлекеттик Университети, Жалал-Абад Мамлекеттик Университети, Фергана Мамлекеттик Университети, Баткен Мамлекеттик Университети ж.б. окуу жайлардан келген меймандар өз калоолорун жазып калтырышкан. Мезейге чет элдик мамлекеттен келген делегаттар жөнүндө Турция, Германия, Россия, Франция жөнүндө кызыктуу маалыматтар бар. Музейде Франция мамлекети

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



менен мектептин достук, маданий байланыштары деген бөлүмүндө кызыктуу материалдар топтолгон. Мектепте негизинен Француз тили окутулуп, бир топ ийгиликтерге жетишкен. Француз мугалими И. Азимовдун жетечилигинде райондук, областтык, республикалык олимпиадалык мектеп окуучулары мыкты орундарды камсыз кылып, 1-орунду жеңип алышкан.

Ошондуктан, Кыргызстандагы Франция элчилигинде француз тилинен олимпиадада жеңген окуучуларга кызыгып, 2008-жылы Франциянын Кыргызстандагы элчиси Шорлот Урбан башчылыгында делегация мектепке келген. Алар үч күн мектептеги окуу-тарбия иштерин, француз тилинин окутулушу, мектеп жамааты менен таанышып тарых музейиндеги экспонаттар, кылым карыткан улуттук кийимдер аларда чоң таасир калтырган.

Француз тили мугалими И. Азимов биздин Токтогул орто мектеби менен Франция мамлекетинин элдринин ортосундагы достук байланышына үч себеп түрткү болду:

1. Мектеп окуучуларынын француз тили боюнча Республикалык олимпиадаларда байгелүү орундарды камсыз кылышы.
2. Музейдеги топтолгон экспонаттардын француз өкүлчүлүгүнө чоң таасир калтырышы. Кыргызстандын түштүгүндө тагыраак айтканда Баткен өрөөнүндө жашаган улуттардын жашоо турмушу менен таанышуу.
3. Мектеп окуучулары гана эмес айылыбыздын жашоочулары француз тилин үйрөнүшү менен ал өлкөнүн тарыхын жана маданиятына кызыктар болгону себеп болду дейт.

Француз элчилигинин колдоосу менен 2008-2009-жылдары Париж шаарында Токтогул орто мектебинин мугалимдери Д. Эсеналиев, Ш. Мамажанов өз билимин өркүндөтүп келишти. 2009-жылы француздар менен биздин элдин ортосунда иш-чара болуп Париж шаарында чоң аянттардын биринде «француз тилинде сүйлөгөн айыл» деген темада Халмион айылы жана анын жашоочулары жөнүндө сүрөт көргөзмөсү уюштурулган. Жогорудагы көргөзмө боюнча «Галльская-деревня,» аттуу документалдуу киниотасма тартылып, КТРК, ЭЛТР, 7 канал, МИР каналдары аркылуу көрсөтүлүп, эл арасында кызыгууну пайда кылды.

«Манас» эпосу дүйнөлүк маданий казынанын керемет кенчи. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык өзөктүү идеялардын бири. Манастын улуулугу анын «кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип», башка элдердин ак ниет инсандарын бир туугандай ардактап, өз элинин ко-лун узарта билген айкөлдүүлүгү. Бул жагынан Манас менен Алманбеттин мамилеси биз үчүн көөнөргүс нуска. Тагдырдын жазылышы менен жерибизди менендеген ар элдин өкүлдөрүн өз бооруга тартып айландырып, канат бутагыбызды өстүрүп алуу, алыс-жакын коңшулар, бөлөк мамлекеттер менен достук мамиледе болду. Манастын осуяттарында кеңири айтылып, аны аткаруу биз үчүн парз. Жогорудагы идеялар «Манас» таануу бөлүмүндө өтө жакшы чагылдырылган. Белгилүү тарыхый инсандар бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон инсандар А.Орозбеков, И. Раззаков, А. Масалиев ж.б., жөнүндө тарыхый маалыматтар өтө арбын. Молдо Нияз, Туяк ырчы, Полотхан жөнүндө, саясий-партиялык ишмерлер Б. Примов, Т. Тургунов, Социалисттик Эмгектин Баатыры А. Токтобаев боюнча так маалыматтар бар. Айыл-чарбанын азаматтары деген бөлүмдө Хайтмат Сабиров, Орун Абдрахманов, Рахмидин Шерматов, Камилжанов Алимжан, Бегалиев Турдали, Байзаков Жолдош ж.б. жөнүндө баяндамалар бар.

Бул макалада Кадамжай районундагы №1 эң алгачкы билим уясы болгон Токтогул орто мектебинин 100 жылга жакын агартуу майданындагы ишмердүүлүгү жана тарых жана аймак таануу музенин иш-тажрыйбасы жөнүндө аздыр-көптүр баяндама берүүгө аракет жасадык.

Элибизде накыл сөз бар эмеспи, миң уккандан бир көргөн артык артык деген. Өз көзүм менен көрүп, музей менен таанышам дегендерге музейдин эшиги дайыма ачык.

**Адабияттар:**


1. Акаев А. А. Манастан мамлекеттүүлүккө карай. - Б., 1995.
2. Асанканов А. Кыргызстандын тарыхы. - Б., 2012.
3. Асамидин Ташов. Касиеттүү Кадамжай. - Б., 2015.
4. Азимбаев Б. Өмүрү өркөк тарышый инсандар. - Ош, 2013.
5. Азимбаев Б. Орто мектептерде А. Орозбековдун өмүрүн жана ишмердүүлүнгүн окутууу. - Ош, 2010.
6. Азимбаев Б Тарых музейи-тарбия борбору. - Ош, 2016.
7. Азимбаев Б. Вклад Турдакуна Усубалиева в развитие Бургандинской долины Баткенской области. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 10. С. 61-66